3.3.

# №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИНИН ОКУУ ПРОГРАММАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Каралды: БЕКИТИЛДИ

№1 педкенешме Мектеп директору:

З.Э.Жээнтаева

30.08.2022ж.

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн 2022-2023 -окуу жылына карата базистик окуу планы боюнча жобо**

2022-2023-окуу жылына карата №97 жалпы орто билим берүү мектебинин окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү уюмдарынын 2022-2023- окуу жылы үчүн окуу пландарын бекитүү жөнүндө 2022-жылдын 5-августундагы №1529/1 буйругуна ылайык кыргыз жана орус тилинде окутулуучу мектептер үчүн 2022-2023- окуу жылынын базистик окуу планынын негизинде иштелип чыкты.

Базистик окуу планы Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык билим берүүнүн бардык баскычтарынын окуучулары үчүн алардын физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн , ошондой эле окуу материалын өздөштүрүү үчүн белгиленген ишмердиктин түрлөрүн жана талаптарын эске алуу менен окуу жүктөмүнүн жылдык, жумалык, ошондой эле чектелген көлөмүн аныктайт.

№97 жалпы орто билим берүү мектебинин үч баскычта окуу-тарбиялоо процессин ишке ашырат.

**I баскычка 1-4-класстар кирет.**

Окуу мөөнөтү беш күндүк.

1-класстарда бир жылдык окуу мөөнөтү 33 жумага эсептелинсе, 2-4-класстарда 34 жумага чейин эсептелинет. Сабактардын узактыгы 1-класстарда 40 мүнөт, 2-4-класстарда 45 мүнөт.

| 1-кл | 2-кл | 3-кл | 4-кл |
|---|---|---|---|
| 21 | 23 | 23 | 23 |

**II баскыч: негизги мектеп 5-9-класстар кирет**.

Окуу мөөнөтү беш күндүк.

Бир жумалык сабактардын саны:

| 5-кл | 6-кл | 7-кл | 8-кл | 9-кл |
|---|---|---|---|---|
| 28 | 29 | 30 | 30 | 30 |

Бир жылдык окуу планы 5-11-класстарда экзамендик мезгилди эске алуу менен 34-36 жумага эсептелинген. Сабактын узактыгы-45 мүнөт.

**III баскыч: жогорку 10-11-класстар кирет.**

Окуу мөөнөтү беш күндүк.

Мамлекеттик компонент окуу планынын базалык бөлүгүн түзөт жана Кыргыз Республикасынын аймагында бирдиктүү билим берүү мейкиндигин камсыз кылат. Окуу пландын мектептик компоненти окуучулардын жана алардын ата-энелеринин макулдашылган кызыкчылыктарын, муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн билдирет.

Ата-энелердин суроо-талаптары боюнча:

а) кыргыз тили предметине (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда) кыргыз тилинен мектеп компонентинин эсебинен төмөнкүдөй сааттар берилди.

| 5-кл. | 8-кл. | 10-кл. |
|---|---|---|
| 1 | 1 | 1 |

б) кыргыз тили предметине окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 5-классына жумасына 1саат кыргыз тилинен мектеп компонентинин эсебинен берилди.

Министрлик тарабынан Мамлекеттик билим берүү стандартынын (2014-жыл) иш-чараларды ишке ашыруу боюнча планына ылайык Базистик окуу планын этабы менен оптималдаштыруу иштери жүргүзүлүп жаткандыгын эске алуу аркылуу предметтик стандарттар, окуу программалар окуучулардын негизги жана окуу компоненттүүлүктөрүн өздөштүрүүсүнө багытталып, төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилди:

Тарых предмети 5-11 класстарда окуу программасына ылайык, “Дүйнөлүк тарых” жана “Кыргызстан тарыхы” курстары кезектешип бирдиктүү предмет катары окутулат.

5-6 класстарда тарых предмети боюнча сабактар предметтик стандартка,

7-11 класстарда колдонулуп жаткан окуу программасына ылайык, жумасына 2 саат окутулат. Журналдарга “Тарых” деген бирдиктүү аталыш менен жазылат. Негизги жана толук мектептеги мамлекеттик бүтүрүү экзамендерди “Кыргызстан тарыхы” сабагынан гана тапшырат.

5-6 класстарда “Адам жана коом” предметин окутуу предметтик стандартка, окуу программасына жана окуу–методикалык комплексине ылайык ишке ашырылат.

9-11 класстарда “Адам жана коом” предметтин окутуу мурда бекитилген программа боюнча ишке ашырылат жана жумасына 1 сааттан окутулат.

“Мен жана дүйнө” интеграцияланган предмети 1-4-класстарда жумасына 2 саат менен окутулуп, ал башталгыч класстардын окуучуларын курчап турган дүйнө кубулуштары, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери менен тааныштырат.

5-класста “Табият таануу” предмети жумасына 1саатан окутулат. 5-класстагы “Табият таануу” интеграцияланган курсу өзүнө курчап турган дүйнөдөгү

кубулуштар жөнүндөгү материалдарды камтып, мектеп окуучуларын табыгый –илимий предметтерди КР жалпы билим берүү мектептеринин 6-11-класстарында окутууга даярдайт.

7-9-класстарда “Физика” предметин окутууга жумасына 2 саат, 10-класста 3 саат бөлүнгөн.

11-класста “Физика” жана “Астраномия” курстары интеграцияланып, “Физика.Астраномия” предмети катары жумасына 3 сааттан окутулат.

“Математика” предмети 1-класстан 6-класска чейин окутулат.

7-11-класстарда “Алгебра” жана “Геометрия” предметтери өз алдынча предмет катары бекитилген сааттарга ылайык өзүнчө окутулат.

“Музыка” предмети 1-7-класстарда тиешелүү предметтик стандарттарга, окуу программаларына жана окуу-методикалык комлекстерине ылайык окутулат.

5,6,8,9-класстарда “Технология ” предметин окутуу мурунку жылдардагы окуу программасы боюнча ишке ашат.Ал эми 7-класста 1-жарым жылдыкта жумасына 1 сааттан окутулат.

“Көркөм өнөр” предмети 1-6-класстарда тиешелүү предметтик стандарттарга, окуу программаларына жана окуу-методикалык комлекстерине ылайык окутулат. Ал эми 7-класста 2-жарым жылдыкта жумасына 1 сааттан окутулат.

Окуу сабактары 2022-2023-окуу жылынын 1-сентябрында башталып, 25-майда аяктайт.Каникул мезгили, беш күндүк окуу жумасын эске алганда, 30 календарлык күндү түзөт.

**Каникул графиги:**

**Күзгү каникул - 7 календардык күн: 2022-жылдын 31-октябрынан башталып, 6-ноябрына чейин, сабактар 2022-жылдын 9-ноябрынан башталат.**

**Кышкы каникул - 12 календардык күн: 2022-жылдын 30-декабрынан 2023-жылдын 10-январына чейин, сабактар 2023-жылдын 11-январынан башталат.**

**Жазгы каникул - 10 календарлык күн: 2023-жылдын 20-мартынан 29-мартына чейин, сабактар 2023-жылдын 30-мартында башталат.**

**1-класстын окуучулары үчүн 3-чейректе кошумча апталык каникул күндөрү берилет.**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө жана контролдоо башкармалыгы менен макулдашууга сунуш кылынды.